Орозобекова Ж.К.

Ж.Баласагын ат. КУУ

ТОГОЛОК МОЛДО ЖАНА «МАНАС» ЭПОСУНУН ЖАЗМА ВАРИАНТЫ

Убакыт аралыгында коом, заман агымы тынымсыз өсүп-өнүгүү, өзгөрүү процессинде болуп турары, ага жараша коомдогу бардык нерселер менен көрүнүштөр улам жаңыланып келери - мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ушул өңүттөн алып караганда, улуу «Манас» эпосунун - кыргыз элинин түбөлүктүү дөөлөтүнүн - качандыр бир кездерде жазуу жүзүндө жаралып жашашы күтүлүүчү иш болчу.

Мындай көрүнүш бир гана кыргыз оозеки маданиятынын өнүгүүсүнө таандык болбостон, дүйнө элинин фольклористикасында да абалтан бери эле практикаланып келе жатканы белгилүү. Буга байыркы грек маданиятынын көөнөрбөс классикалык үлгүлөрүнөн тартып, көп улуттуу элдердин тарыхый басып өткөн жолунда жаралган эпикалык чыгармаларынын жазуу үлгүлөрү ачыктан-ачык күбө. Мисал үчүн, байыркы гректердин Трояндык согушу жөнүндөгү «Илиада» жана «Одиссея» поэмаларына кайрылсак, гректер аны жаратуучу катары азиз Гомерди кабылдашкан; же анын чыгарма-чылыгын өтө сүйүп берилген, андан таасирленген римдиктердин белгилүү акыны Вергилийдин Гомердин ыкмасында жараткан «Энеида» поэмасын; болбосо, Овидийдин мифологиялык бүтүндөй бир энци-клопедияны түзгөн «Метамор-фозасын» [1] (Превраүения») атасак, же байыркы индустардын кереметтүү айтуучусу Вьясанын, андан угуп-үйрөнүп айткан Вайшампаянанын, Уграшвастын айтуусунда уланган «Махабхарата" жана «Рамаяна» эпос-торун; ошону менен катар, «Гэсэрдин» тибеттеги[2], монголдордогу[3], бурят-тардагы[4] версиясын алсак, калмак элинин «Жангары»[5], карелофиндердин «Калеваласын»[6] айтсак, түшүнүктүү жана жетиштүү. «Калеваланы» эң майда рундардан чогултуп жүрүп олтуруп, бүтүндөй бир элдик мурастын көөнөрбөс үлгүсүн жараткан Элиас Лентроттонун эмгегине да тан бербей койчу нерсе эмес.

Ал эми булардын катарында тартынбастан эле Тоголок Молдону көчмөн кыргыз элинин оозеки маданиятында «Манас» эпосунун жазуу жүзүндө жашашына алгачкы кадам жасаган билимдүү жазгыч акын жана манасчы деп айтууга толук акылуубуз.

Тоголок Молдо (Байымбет Абдырахманов) оболу калк катмарына тамсилчи, жазгыч акын катары таанымал. Биз көп кырдуу залкар талант Тоголок Молдонун манасчылык өнөрүнө токтолуп өтсөк. 1940-жылдарга чейин эле Тоголок Молдо көзүнүн тирүүсүндө азыркы КУИАна Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусуна, жалпы алганда, 1957 басма табак кол жазма чыгармаларын тапшырган

[1] Энциклопедический словарь. –М : Педагогика, 1988.

[2] . Дамдинсурэн Ц.. Исторические корни «Гэсэриады».-М. :Наука, 1972.

[3] Дамдинсурэн.Ц. Исторические корни «Гэсэриады» -- М:Наука, 1972.

[4] Неклюдов С.Ю., Тимурцерэн Ж.. Монгольские сказания о «Гэсэре» (новые записи).- М., 1978.

[5] «Гэсэр»-бурятский героический эпос. - М.: Изд. худ. лит., 1968.

[6] «Калевала». Карело-финск. нар. эпос. - Петрозаводск Карельской АССР. 1956.

экен. Кол жазманын басымдуу бөлүгүн «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтиги ээлейт. Тоголок Молдонун болгону 40 басма табакка жакын чыгармалары эки томдукка кирген, ал эми анын «Манасын» басып чыгаруу тууралуу али сөз козголо элек. Убагында Тоголок Молдо эпосту кагаз жүзүнө түшүрүп, өздүк вариантын жаратуу жагынан алгачкы чыйыр жолду салган чоң таланттардан болуу менен бирге, «Манас» эпосунун жазма формасын түзүп иштеп чыккан өз мезгилинин летописеци катары дагы кыргыз фольклористикасынын тары-хында сакталып калды.

Эпикалык чыгарманы оозеки түрүндө өздөштүрүүдө бир нече этаптуу баскыч, белгилүү бир талап болгон сыңары, аны жазуу түрүнө келгенде да кыйла түйшүктүү, маңдай терди агызаары айтпасак да түшүнүктүүдүр. Бул, демек, оозеки өздөштүрүү менен теңтайлаш жоопкерчиликти талап кылат дегендикке жатат. Тоголок Молдонун өзүнүн калтырган маалыматына караганда:

Он сегиз жашка келгенде,

Акын болдум, атанып,

«Манасты» бүт үйрөндүм

Тыныбектен жат алып -деп,

манасчылыкка келүү тагдырына шыпаа болгон көлдүк манасчылар мектебинин баштоочуларынын бири Тыныбектин ысмын атайт. Буга караганда, Тоголок Молдо эпосту алгач оозеки түрдө өздөштүрүп, кийин кат сабаттуу болгондуктан, жазуу жүзүнө өтсө керек деп ойлоого да негиз бар. Анын жазып калтырган варианты көп жагынан С.Орозбаковдун вариантына үндөш. Андыктан башында Тыны-бектен үйрөнүп, андан соң С.Орозбаковдун айтуусу боюнча жазып алышы, кийин өздүк вариантын түзүп жатканда Сагынбай Орозбаковдун вариантын таяныч кылышы да мүмкүн деген пикир ойго келбей койбойт. Себеби окуй келгенде традициялуу түрдө канондук сюжеттик струк-туранын сакталышы, айрым чоң эпизоддор, андагы окуянын жүрүшү, ал тургай (15 саптан 54 ыр сабына чейин) сапма-сап дал келген учурлары, баяндоо стили жогорудагыдай ойго түртпөй койбойт. Маселен, 1 тому 489 беттен, 14 бөлүмдөн турган окуяны камтыйт. (инв № 587). Бөлүмдөрдүн аталыштары башкача болгону менен, сюжеттик жактан С. Орозбаковдун эле вариантын кайталайт. Айта кете турган дагы бир факт, Тоголок Молдо менен М.О.Ауэзов Фрунзеде, Алматыда бир нече жолу жолугушкан экен. 1920-жылы Мухтар Ауэзов «Манастын» «Семетей» бөлүгүн өздүк архивине калтырыптыр (Ш.Б.). Манасчынын варианты купулуна толгондуктан, Тоголок Молдонун салмагы кыргыз адабияты үчүн ала-тоодой деп даңктайт. Ал эми 1951-жылы Алматыда чыккан «Кыргыз ырлары» жыйнагынын баш сөзүндө бул пикирин дагы кеңейтип, Тоголок Молдого, кыргыз адабиятынын баштоочусу деп таамай аныктама бериптир. Албетте, залкар адамдын жогорку баасына татыктуу болуунун өзү канчалык.

Айрым бир тематика, мотивдин тегерегинде кенен, өз алдынча импровизациялоо, маалымдоочу (ин-форматор) сыяктуу баяндоосунан улам, Тоголок Молдонун акындык өнөрү да буга бир топ көмөк болгону көрүнүп турат. Бул көбүнчө диний мотивдерди чечмелеген учурларында, согуштук сценалардын жүрүшүн баяндаганда, летопись жазып жаткан сыңары, же айрым бир кырдаалга өзүнүн жеке

пикирин билдирип (комментариялап), айтып берип жаткан сыяктуу ой туудурат. М.:Айкожонун Манасты издеп келип, ага жолугуп, адегенде пайгамбарлар жөнүндө кенен кеп салып, анын ата-тегин түгөл чечмелеп бергени Манаска мусулмар дининин маани-маңызын кенен-чонон түшүндүрүшү; Мурда Манаска тааныш болбогон бейиш, тозок дегендердин чоо-жайын түшүндүрүп, ислам динин «ак дин» деп жарыялышы; Манастын оозуна бейиштин курмасынын бүрккөнү; аны жегенден кийин Манас курманын таасирин сезип, буга чейин ар кандай жасаган иштерин айтып берип, ыйлаганы; Айкожонун Манасты бейишке алып барганы; Манас бейиштин коoздугуна аң-таң болуп, эстен таңганы; Айкожо Манаска зам-замдын суусун бүркүп, аны кайта эсине келтиргени; Пайгамбар ыйгарган белектерди, жоо жаракты алганы; Мукамбеттин өзүнөн белек алганына ыраазы болуп, бул «ак дин» турбайбы деп, мусулман болгону ж.б. окуяларды абдан кызык, жомок өңдүү баяндайт. Бир эсе, бул айтуучулардын мусулман динин үгүттөөсү сыяктуу сезилет.

С.Орозбаковдо ушул окуя абдан жакшы берилет. Ал эми Тоголок Молдо болсо, ошол сюжетти калька катары пайдалануу менен, аны мифтик башаттагы окуялар аркылуу өрчүтүүгө аракеттенген. Анда, тексттин үзүн-дүсүнө токтоло кетсек:

Акыр заман пайгамбары деп.

Андан туулган Мукамбет

Мустапа,

Адамга ата билин деген.

Эсеп эмес

Билим керек,

Билим керек,

Ыйман керек.

Мукамбет бүтүн куранды.

Көңүлүнө жат алган

Ар ишке бел байлаган

Жабирейил периште

Алдадан кабар дайым

Алып келип турган, -дейт.

(Тоголок Молдо. 401-б. № 567).

Манаска Айкожонун келиши эпизодунун маңызы тереңде жатат. Ал Манастын жөн жерден эле ыйык болуп жаралып калбагандыгын, ал - «кудайдын сүйгөн пендеси» деген түшүнүгүн кеңейтет. Тексттин жазылыш стилине караганда, биз билген эпостун поэтикалык тилинен сезилээрлик айырмаланып турат. Тактап айтканда, кара

сөздү эле ыр түрүндөгү ыкма менен жазып койгон шекилдүү. Экинчи жагынан, жазгыч манасчы өзүнүн дин жөнүндөгү жекече түшүнүгүн да текстке кийирип, аны баяндап берип жатат.

Муну менен бирге, вариантта көп кездешүүчү нерсе, айрым эпизоддордо окуя ким жөнүндө жана эмне жөнүндө болуп жатканы окурманга анчейин түшүнүксүз болуп калган жерлери да учурай тургандыгын белгилей кет-кенибиз оң. М.:

Мага, айтар жайым

Кой деген малыңды

Менин айдап кеткеним болбойт.

Беш жүз жылкы, миң козуну өзүң ал,

Мага беш жүз нар, эки төөгө жүктөгөн зарды берсеңиз болот.

(Т.М. инв. № 367. 148-б.)

Биринчиден, ким кимге айтып жатат жана окуя кайсы кырдаалдан келип чыкканы белгисиз. Контексттик мааниге карасак, баяндалып жаткан окуяга эч кандай байланышы жок.

Экинчиден, бул ыр түрмөгү эмес эле, кара сөз баяны экени даана көрүнүп турат. Мындай форма - Тоголок Молдонун вариантындагы туруктуу көрүнүш. Мындан улам, муну накта поэзия үлгүсү деп айтуу кыйын.

Оюбузду бекемдөө максатында, конкреттүү тексттик талдоону салыш-тырып, карап көрөлү:

С.Орозбаков Тоголок Молдо

Эштектин аты Желтаман, Эштектин аты чыккан экен.

Сүрөгөн экен Эламан

Эламан сүрөп алган

Араандай оозу ачылып

Араандай оозун ачып

Кара болот суулугу.

Ак көбүктү чачып

Жерди көздөй басылып,

Баласы оозун ачып

Даңканы тийген жерлери,

Сары кызыл, кара жал

Таш болсо да казылып,

Сайдан чыккан булут болуп

Төрт аягы ачылып,

Закымдап өттү.

Оздуктан ак көбүк.

Артынан октой закымдап

Омуроодо чачылып,

Багыштын сур кийиги өттү

Сары кызыл, кара жал

Анын арка жагынан

Сайдан чыккан булуттай,

Сарбан таздын

Закымдап учкан кандай мал

Тоокарасы өттү.

Артынан келет жакындап,

Семиз экен, соорусу көөп болоктоп

Аткан октой бир сур ат.

Калыптыр ж.б.

Анын арка жагынан,

(Т.М. 1 том. Манас.)

Тазчечендин тоокара

Соорусу көөп солоктоп,

Сүрөөгө кирип болоктоп.

ж.б. (С.О. 1 к. Манас. 81-82-бб.)

Келтирген мисалда оозеки үлгү жана жазма үлгү берилди. Көрүнүп тургандай, алардын мазмунунда эч өзгөрүү жок. Ал эми баяндоо ыкмасын С.Орозбаков сабалаган жамгырдай куюлуштуруп, төгүп айтса, Тоголок Молдо комментарий берип жаткандай, жорго тилге жакын, кара сөзгө да жакын формада баяндап жатат. Ушул сыяктуу сапма-сап дал келүү, маанисин толук сактаган учурлар Тоголок Молдонун С.Орозбаковдун

варианты боюнча иштеп, оозеки үлгүнү жазуу формасына келтирген го деген ойду бекемдегенсийт. Анткени мындай көрүнүш варианттын баштан-аяк ушул ыкмада жаралганын айгинелеп турат.

Адатта, мыкты импровизатор, талантуу айтуучунун поэтикалык тили, стили өзүнөн кийинки айтуучулардын манасчылык өнөрүнүн калыптануусунда чоң таяныч болуп берген. Болжолу, Тоголок Молдо деле мындай мүмкүнчүлүктү пайдаланбай койгон эмес. Анткени анын өзүнүн куйма кулак, акындык жөндөмү жана да манасчылыкка шыктуулугу ушундай кырдаалга түрткөн деп ырастоого болот.

Мындан сырткары, белгилей кетүүчү дагы бир маселе - «Манас» эпосу бүтүндөй тулку боюна кыргыз фольклорунун ар кыл жанрларын кең-кесири сыйдырган, көркөмдүк жагынан өзгөчө бай чыгарма болгондуктан, ар бир манасчы эпосту айтууда, жаратууда жанрлардын арсеналын кеңири колдонууга аракеттенген. Тоголок Молдонун вариантында санат, насыят, ошондой эле, макал, лакап, кошок ж.б., ал эми айрым жерлеринде болсо, жомоктук үзүндүлөр да кеңири пайдаланылган. Бул - жазгыч манасчынын кыргыз оозеки чыгармаларын мыкты өздөш-түргөндүгүнүн жана абдан жакшы билгендигинин белгиси. М.:

Бул иш өзүнчө көнүкпөйт.

Башчысы болбой, марыбайт.

Жарактуу киши кор болбойт.

Жайыты болбой, мал болбойт.

Жабылса кытай жан койбойт.

Белгиси болбой, бек болбойт.

Бекер жатып эр болбойт.

Жара болбой, кан болбойт.

Даана болбой кан болбойт.

Тегерегиң баары жоо

Тепсесе душман соо койбойт.

(Т.М. инв. 567. 484-б).

Ыр сабынын ар бир жолу улам кийинки саптагы ойду жетелеп, философиялык тереңдикке алып барат, ой жүгүртүү реалдуулук менен айкалышып турат. Санак иретиндеги мындай уйкалыштыкта санат ырынын да, макалдын да элементтери айкалышып кеткен. Ал эми төгүп айтышы, көркөмдүк деңгээли дале болсо, С.Орозбаковго жете бербейт. Ушул эле саптар, маселен, С. Орозбаковдо:

Өкүм болбой, өнүкпөйт.

Өзүнчө бул журт жөнүкпөйт,

Башчысы болбой, марыбайт,

Баш аламан жарыбайт.

Ханы болсо, кар болбойт,

Жарактуу киши зар болбойт,.

Жайыты болбой, мал болбойт,

Бекери болбой, бек болбойт,

Бекер жатыш эр болбойт.

Дене бою жан болбойт

Тегерегиң баары жоо,

Тепсесе душман жан койбойт.

Өзүңүздөр көрүп тургандай, манасчылар белгилүү бир поэтикалык саптарды стереотиптүү түрдө ыкма катары колдонушат. Себеби стерео-типтүүлүк оозеки поэзияда эпостун көркөм табитин арттырууда өтө чоң маанигe ээ. Ошентип, эпостун тексти кайталануунун натыйжасында дайыма иргелип, толукталып, кеңейип отурат.

Ар бир айтуучу, аз болсо да, троптун жөнөкөй жана татаал түрлөрүн колдонуу менен өз салымын тигил же бул деңгээлде кошуп, оозеки поэзияны салттуулуктун чегинде өнүктүрүп келгендиги талашсыз.

Тоголок Молдо тууралуу сөз кылууда биз бул жазгыч манасчынын вариантынын мазмуну, көркөмдүгү кандай иштелгендиги, кимден таасирленгени жана кандай ыкмада жазганы жөнүндө кыскача ой бөлүштүк. Натыйжада, анын вариантынын жалпы алкагынан алып караганда, «сказитель - передатчик», же өз заманынын летописеци деген мааниге жакындаарын, ошол категорияга кирген манасчы экенин белгилөөгө аракеттендик. Тоголок Молдонун чыгармачылыгына жалпы көз жүгүртсөк, анын акындык өнөрү манасчылык өнөрүн кош тизгиндеп алып жүрүүсүнө көмөк гана болгондугун көрөбүз. Бүгүнкү күндө биз үчүн жазгыч манасчынын «Манасты» алгачкылардан болуп кагаз жүзүнө түшүрүп, өздүк вариантын түзгөндүгү өтө баалуу. Ошондуктан Тоголок Молдону жазгыч манасчы иретинде, эпосубуздун салттуу традициясын уланткандарынын бири катары жана да жазуу жүзүндөгү үлгүнүн калыптанышына зор салым кошкон виртуоз экенин баса белгилөөгө милдеттүүбүз деп эсептейм.